www.manas.edu.kg

КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИ
Комуникация факультети факультети
Радио, телевидение жана кино бөлүмү
Курстун программасы

Курстун коду	Курстун аты (Кыргызча)	Курстун аты (Түркчө)	Семестр	Апталык саат	Кредит	ECTS
CEV-100	ЭКОЛОГИЯ	EKOLOJİ	1	2 + 0	2	2

Курстун деңгээли	Бакалавр
Курстун түрү	Талаптуу
Курстун мугалими	Доц.м.а.док. Кубат КЕМЕЛОВ
Курстун тили	Кыргызча
Жардамчылар	Мирлан Молдобаев
Аудитория	İLEF, Anfi 203
Курстун максаты	Сабактын негизги максаты заманбап экологиянын негизги түшүнүктөрү: экосистема жана алардагы тең салмактуулук; биосфера жана биосферадагы адамдын ролу; жаратылышты рационалдуу колдонуу жана айлана чөйрөнү коргоодогу негизги көйгөйлөрү тууралуу маалымат берүү. Көйгөйлөрдү чечүүдө адистердин экологиялык абалды туура баалап гана чечимдерди кабыл алуусун үйрөтүү. Студенттердин аң сезимдеринде экологиялык жагдайга ой жүгүртүүсүн жана кыймыл аракеттерин бекитүү.

Колдонулуучу адабияттар		
	Колдонулуучу адабияттар	**Адабияттын түрү**
1	1. Жалпы экология/А.Мурсалиев. Бишкек, 2012.	Китеп
2	2. Основы экологии/Гурова, Москва,2007	Китеп
3	3. Ekoloji, Yalçın Şahin, Istanbul.2001.	Китеп
4	4. Ekonominin Gerçek Yüzü/ Philip Bartlett Smith& Manfred Max-Neef/ Ankara2010.	Китеп

Жетишилчү жыйынтыктар	
1	Курстун жыйынтыгында студенттер экологиянын негизги мыйзамдарын жана көйгөйлөрүн, жаратылышты рационалдуу колдонуунун негиздерин билип чыгышат жана келечектеги адистик ишмердүүлүгүндө колдонушат.

Курстун планы	
Апта	**Темасы**
1. Апта	Киришүү. Экологиянын маселелери, изилдөө объектиси жана структурасы. Экологиянын дисциплиналар арасындагы мүнөзү.
2. Апта	Организмдер жана алардын жашоо чөйрөсү. Экологиялык факторлордун классификациясы. Экологиялык мыйзам ченемдүүлүктөр жана оргназимдердин карым катнашы.
3. Апта	Экосистема. Биоценоз, анын структурасы жана касиети. Биоценоздун трофикалык структурасы жана компонентери. Экологиялык пирамидалар.
4. Апта	Биосфера. Биосферанын түзүлүшү жана физико-химиялык касиеттери. Ноосфера туралуу заманбап көз караштар.
5. Апта	Экологиянын глобалдык көйгөйлөрү. Кирдөө жана кирдетүүчү заттар тууралуу түшүнүктөр.
6. Апта	Атмосферанын кирдеши. Климаттын глобалдык өзгөрүүсү жана парник эффектиси: механизмдери жана терс натыйжалары.
7. Апта	Озон тешиктеринин жана кислоталык жаандардын пайда болу механизмдери жана түшүнүктөрү.
8. Апта	Гидросферанын кирдеши. Ичме суулардын жана Дүйнөлүк океандын булгануу көйгөйлөрү.
9. Апта	Литосферанын кирдеши. Тиричилик жана өндүрүштүк калдыктарды утилизациялоодогу көйгөйлөр.

Курстун планы	
10. Апта	Айлана чөйрө жана адамдын ден-соолугу. Калктардын жайгашуусу. Шаардык жана өндүрүштүк экосистемалар. Ызы-чуунун, электромагниттик нурдануунун жана радиациянын адам баласына терс таасири.
11. Апта	Жаратылышты рационалдуу колдонуунун принциптери. Айлана чөйрөнүү коргоо. Энергиянын алтернативдик булактары. Дүйнөлүк океандын ресурстары жана аларды колдонуу.
12. Апта	Токойлорду рационалдуу колдонуу жана коргоо.
13. Апта	Коруктар, өзгөчө корголуучу аймактар жөнүндө негизги түшүнүктөр. Кызыл китеп.
14. Апта	Экологиялык мониторинг. Негизги түшүнүктөр.
15. Апта	Экологиянын экономикалык аспектилери. Учурдагы экологиялык-экономикалык кырдаал. Экономиканы экологизациялоо жана мониторинг.
16. Апта	Экологиянын укуктук аспектилери. Экологиянын тармактары жана экологияда эл аралык кызматташтык. Экологиялык эл аралык кызматташуудагы көйгөйлөр.

Баалоо			
Баалоо каражаты	**Саны (даана)**	**Үлүшү (%)**	**Жалпы үлүшү**
Арасынак	1	40	**40**
Финал сынагы	1	60	**60**